БИЛГИМ КЕЛЕТ



# ОЮМДАР

Кульнар Рымбек

# ОЮМДАР

Текстин жазган жана сүрөтүн тарткан
**Кульнар Рымбек**



Бишкек 2019

УДК 821.51-93
ББК 83.8
О-98

**О-98** **ОЮМДАР** / Текстин жазган жана сүрөтүн тарткан К.Рымбек. – Б.: «Таалим-Форум» КФ, 2019. – 20 б.

ISBN 978-9967-15-895-5

www.taalimforum.kg
taalimforum@gmail.com
+996 (312) 298 681

Дизайнери: А. Мадлымбекова

О 4803300100-19
ISBN 978-9967-15-895-5

УДК 821.51-93
ББК 83.8
© «Таалим-Форум» КФ, 2019

Оюмдар илгертен эле кыргыз элинин жашоосунда өзгөчө мааниге ээ болуп келген. Алар биздин жаратылыш менен болгон тыгыз байланышты чагылдырып турат. Ааламдагы күн, ай, жылдыз, жер, жаныбарлар, өсүмдүктөрдүн керемет көрүнүштөрү элибиздин көркөм жан дүйнөсүнүн азыгы болуп саналат. Дегеле, кыргызда сүрөт өнөрүнүн башатында уздар, чеберлер турган. Таш бетине чегилип тартылган сүрөттөр, буюм, кийимдин бетине түрдүү ыкма менен салынган оюмдар биздин байыркы эл экенибизди далилдеп турат. Кыргыз эли эзелтен оюмдар аркылуу өз оюн, пикирин, каалоосун, сезимин билдирип келишкен. Демек, бул жөн гана оюм эмес, окуяны баяндаган жандуу белгилер. Элдик уздар менен чеберлер оюмдарды, кол өнөрчүлүктүн дээрлик бардык түрүндө кооздоочу каражат катары кеңири колдонушкан. Оюм – бизге бабалардан калган мурас. Ата кесиби уулга, эне өнөрү кызга өтүү салтка айланып, бул асыл өнөр элибиздин зор энчиси жана байлыгы болуп калды. Силер да буларды үйрөнүп алууңар керек.



Боз үйдүн ички жасалгасынын көрктүү жана өзгөчө бир буюму – туш кийиз. Туш кийиздин баш жагы, суусу, ортосу жана капкалдырыгы болот. Туш кийиз боз үйдүн керегесине же үйдүн дубалына тартылат. Үй ичинин көркүн ачат жана ошол үйдөгү аял затынын чебер экенин далилдеп турат. Туш кийиздеги сайманы карап туруп, үй-бүлөдө канча кыз, канча уул бар экенин билсе болот. Ошондой эле саймадан жаныбар жана өсүмдүк дүйнөсү менен болгон тыгыз байланышы байкалат. Оймолуу жана саймалуу туш кийиз өзүнчө эле кызыктуу жомоктой көрүнөт.



Бул сүрөттө туш кийизден алынган **кызгалдак** гүлүнүн бир бөлүкчөсү.



Туш кийиздин саймасын илме шибеге менен саят. Мисалы, ала кийиз бир күндө жасалат, ал эми бир туш кийизди сайып бүтүрүү үчүн саймачыга көп убакыт талап кылынат. Уздар туш кийиздин капкалдырыгына Умай эненин же жомоктогу касиеттүү жаныбарлардын келбетин оймолоп сайышкан. Уздардын колунан чыккан буюмдардагы оюуларда кооз, телегейи тегиз жашоо берилген.



Туш кийиздеги сайманын бир бөлүкчөсү – **теке мүйүз**.



Кыргыздар баш кийимге аяр мамиле жасашкан. Аны эч качан жерге коюшкан эмес. «Жылаң баштан касиет качат» – деп, баш кийимди урматтап, оюу салып, чогун тагып саймалап кийишкен. Баш кийим үчүн атайын текче жасашкан. Текченин эки башы уукка, ал эми аягы кайрылып келип керегенин башына байланган. Бетине болсо илме шибеге менен көркөмдөп сайма сайышкан.



Бул текченин бетине **теке мүйүз** оюусу салынган.



Текчени койдун терисин жука кылып ийлеп алып, аябай ыштап, анан бетине сайма сайышкан. Ышталган текчеге күбө түшкөн эмес. Демек, тебетей, калпак, элечектер таза сакталган.

Бул текченин бетине **күндүн** оюусу салынган.





Чарчы келген узун, баш кийим коюучу текче кыргызга гана мүнөздүү. Аны боз үйдүн ичинде колдонууга ылайыктап, көркөмдөп жасашкан.



Текченин саймасынын бир бөлүгү – **чатыраш гүл, гүлкайыр гүлү**.



Текченин бетин саймалаш үчүн өсүмдүк жана жаныбар дүйнөсүнөн алынган оюмдарды көп колдонушкан.



Бул текчеде **гүл уругунун** оюусу салынган.



Боз үйдүн эпчи жагындагы ашкананын бетин жаба турган буюм – чыгдан. Чыгдан чийден жасалат. Чий талаа, түздүктө арбын өсүүчү өсүмдүк. Эгин бышкан убакта чий да бышат. Ошол убакта чийди ийинге салып тартып келишет. Чийди тартып келгенден кийин кабыгын аарчыбай туруп ышташкан. Ышталган чийди ийилчээк болуп чыйралып калгандан кийин иштетет. Мындай чийге чырмалган түстүү жүнгө күбө жологон эмес. Кийиз жасоо убагында чийге оролгон жүн кириш үчүн бут менен ныгыра басып тепкилешет. Мына ушундай убакта да ышталган чий сынган эмес жана көп жылдар бою колдонулган.



Чыгданга түшүрүлгөн **кызгалдак** оюусу.



Чыгданга, канат чийге, эшик чийге, өрмөккө колдонулуп жүргөн оюмдар башка оюуларга караганда бөтөнчө бурч чыгарылып, чарчы түрүндө түшүрүлөт. Кой жүнүнүн табигый өңдөрүнөн тышкары башка боёктор да колдонулат. Мисалы, кызыл, көк, жашыл, сары, күрөң түстөгү боёкторду жаңгактын жалбырагын, пияздын кабыгын, ышкындын тамырын, анардын кабыгын кургатуу аркылуу алышкан.



Бул чыгданга **теке мүйүз** оюусу түшүрүлгөн.



Кыргыз эли кеңири колдонгон буюмдар – ала кийиз жана шырдак. Булар кооздугу жана көркөмдүгү менен айырмаланып турушат. Бүгүнкү күнгө чейин жасалып, турмушта кеңири колдонулуп келе жаткан сый буюмдар. Шырдакка салынган оюулар көзгө толумдуу жана бардык жагынан төп келет.



Бул шырдакка **бугунун** сөлөкөтү салынган.



Шырдак эки каттан турат. Үстүңкү бети эки түстүү кийизден оюлат. Эки түстүү кийизди ойгондо, эки шырдактын үстүңкү бети даяр болот. Бири-бирине кынап, жээк (ызгыт, милте) бастырып, ичин кошуп шоона менен шырышкан. Шоонаны ичке, бышык кылып төөнүн чудасынан же койдун жүнүнөн ийрүүгө болот. Шырдак – бышык, жылуу жана ден соолук үчүн пайдалуу. Шырдак көп жылдар бою колдонула турган асем буюм.





Бул шырдактын бетинен **аркар, кулжа, маралдын** сөлөкөтүн көрүүгө болот.



Ала кийиз койдун күзүндө кыркылып алынган жүнүнөн жасалат. Адегенде жүндү жууп, тазалап, сабоо менен сабап, даярдашат. Андан кийин гана чийдин бетине тегиздеп үзүп салышат. Сабоону табылгы деген бадалдын сабагынан жасашат. Табылгы бышык жана катуу бадал өсүмдүгү. Чийге салынган жүндүн үстүнө самын аралашкан кайнак суу себелеп, чийге орошот.

Бул ала кийизден **бүркүттүн** сөлөкөтүн көрүүгө болот.





Чийди бут менен салмак салып, ныгырып тепкилешет. Мындай ыкмада жүн биригип, кийиз уюйт. Чийден ажыратып алып айымдар колго билектеп, оң, сол кылып басышат. Бул ыкмада кийиз кирип, бышат. Демек, кийиз даяр болду. Катталып бүктөлгөн кийизди белинен байлап, агын сууга таштап койсо, кири агып, кийиз тазаланат. Бул учурду кирдөө деп аташат.



Бул ала кийизден **адам** сөлөкөтүн көрүүгө болот.



Ала кийиздин негизин кара жүн түзөт. Кара жүндүн үстүнө түстүү жүндөр менен чоң оюулар салынып жасалат. Кийиздин жасалуу ыкмасы башка. Ошон үчүн салынган оюулар аягында өзгөрүп бири-бири менен айкалышып калат.



Ала кийиздин бетинен **бүркүттүн** сөлөкөтүн көрүүгө болот.



Ала кийизден сыз өтпөйт, отурса жылуу. Ден соолук үчүн пайдалуу. Ала кийиздин дагы бир касиети – анын үстүнөн жылан же чаян сойлоп өтпөйт. «Манас» эпосунда Манастын ок өтпөс ак олпогу жөнүндө сөз бар. Аны Каныкей энебиз кийизди күн-түн бою уютуп, басып, бышырып жасап берген экен.



Бул ала кийизден **теке мүйүз** оюусун көрүүгө болот.



Ала кийиз деген ат илгери жердиктүү кой жүнүнөн эле түр түшүрүү дегенди билдирген. Ала кийиздин көркүн андагы оюмдардын өңү-түсү ачат. Шырдакка караганда ала кийиздин жасалышы бат жана жеңил. Бир ала кийизге үч койдун жүнү кетет. Кийизди болжол менен жети-сегиз саатта жасоого болот.

Ала кийизден **адамдын** сөлөкөтүн да көрүүгө болот.

## Оюм дүйнөсү негизинен алтыга бөлүнөт:

1. Табият көрүнүшүн чагылдырган оюмдар.
2. Өсүмдүктөр дүйнөсүнө байланышкан оюмдар.
3. Асмандагы күн, ай, жылдыздан алынган оюмдар.
4. Жаныбарлар элесин берген оюмдар.
5. Үй буюмдарын туюнткан оюмдар.
6. Адам турпатын берген оюмдар.



## Китепти окугандан кийин төмөнкү суроолорго жооп бергиле:

1. Китепке кандай жаңы ат коёт элең?
2. Китептеги кайсы буюмдар сага тааныш? Кайсы буюм силердин үйдө бар?
3. Буюмдарга түшүрүлгөн оюулар эмненин элесин берет?
4. Кайсы буюмдар менен жаңы тааныштың? Оюулары кандай экен?
5. Жактырган оюу жөнүндө сүрөттөп айтып бер.
6. Кайсы маалыматтар эң кызыктуу болду?
7. Жаңы сөздөр көп кездештиби? Маанисин кантип түшүндүң?
8. Сүрөттөр тексттин маанисин ачтыбы? Кайсы сүрөт сага жакты?
9. Буюмдарга түшүрүлгөн оюулар тууралуу дагы эмнелерди билгиң келет?
10. Кыргыздын үй буюмдары, оюулар жөнүндө көбүрөөк маалыматты кайдан алууга болот?

**ОЮМДАР**

Текстти жазган жана сүрөтүн тарткан *К. Рымбек.*
Дизайнери: *А. Мадлымбекова.*

Заказ № 1994. Нускасы 1000.
«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький көчөсү, 1

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - **4.1 деңгээли**
  - 4.2 деңгээли

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

USDA

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

MERCY CORPS

Бул китеп АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында иштелип чыгып, АКШнын айыл чарба департаментинин (USDA) каржылоосу менен Мерсико (Mercy Corps) уюму тарабынан ишке ашырылып жаткан Макговерн-Доулдун «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» Программасынын алкагында басылып чыгып, таркатылды.

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду. Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.